**Иманакунова Күлнар Шеримбековнанын «Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Иманакунова Күлнар Шеримбековнанын «Орто мектептерде кыргыз тили сабагында кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы» аттуу темадагы диссертациялык ишинин актуалдуулугун төмөнкүчө белгилөөгө болот: Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил боюнча кабыл алынган нормативдик документтеринде (Малекеттик тил боюнча мыйзам, «Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы» ж.б.) кыргыз тилин эне тил катары окууга жаңы талаптарды коюшу; Кыргыз тилин жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде окутуунун предметтик стандарты кайрадан иштелип чыгышы, ага ылайык жогорку класстарда, кыргыз тилин окутуунун мазмунуна, каражатына жана ык-жолдоруна инновациялык жаңылоолорду киргизүү зарылдыктарынын пайда болушу; Кыргыз тили макалдарга өтө бай болгону менен, алар филологиялык, педагогикалык жактан дурус иликтенгенине карабастан, кыргыз тили сабагында кеңири колдонулбай келе жаткандыгы; Кыргыз тили сабагында макалдарды пайдалануу тилдик-грамматикалык маселелерди чечүүгө гана кызмат кылып жатышы; Сабакта макалдарды окутуунун мазмуну менен каражаты катары, өзүн-өзү, улутун, мекенин таанып-билүүнүн куралы, булагы катары кароого, колдонууга дээрлик маани берилбей жаткандыгы.

Иликтөөдө диссертант "Кыргыз тили сабагында макалдарды колдонуунун технологияларын иштеп чыгуу, аларды эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү, практикага сунуш кылуу" максатын коюп, төмөнкү милдеттерди чечүүнү аныктаган: 1. Кыргыз макалдарын кыргыз тили сабагында колдонуунун максат-милдеттерин, мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо; 2. Кыргыз тили сабагында макалдарды колдонуунун тажрыйбаларын талдоо, аларды азыркы талаптарга ылайык пайдаланууга сунуштоо; 3. Кыргыз

макалдарын кыргыз тили сабагында колдонуунун дидактикалык негиздерин иштеп чыгуу; 4. Сунуш кылынган окутуунун технологияларынын натыйжалуулугун эксперименталдык жол менен текшерүү.

Кыргыз макалдарын кыргыз тили сабагында колдонуунун максат-милдеттерин, мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо деген биринчи жана Кыргыз тили сабагында макалдарды колдонуунун тажрыйбаларын талдоо экинчи милдетти чечүүгө изилдөөчү диссертациянын Макал жана аларды кыргыз тили сабагында колдонуунун теориялык, практикалык жалпы маселелери аттуу 1-главасын арнаган. Бул милдеттер Даутов К., Ибрагимов, С., Исаков, Б., Измайлов А.Э., Кыдырбаева Р.З., Койчуманов, Ж., Муратов А., Осмонов Ж.Ө. Мырзакматова А.С., Толубаев, М., Рысбаев С.К., Усупбеков Ш., Ж.А. Чымановдордун эмгектерин, билим берүүдөгү тиешелүү нормативдик документтерди жана башка окумуштуулардын эмгектерин талдап, анализдөө менен ишке ашырган. Мындан сырткары макалдардын кыргыз адабият таануу илиминде, кыргыз тил илиминде, кыргыз педагогикасында иликтениши талдоого алынып: кыргыз макал-лакаптары боюнча бир нече китептер, сөздүктөр жарык көрүп, бул багыттагы иш-аракеттер дагы да жүргүзүлүп жаткандыгы белгиленген; кыргыз адабият таануу илиминде өткөн кылымдын 30-40-жылдарынан макалдар изилдене баштап, изилдөөлөрдө макалдардын табияты, мүнөздүү белгилери, макал менен ылакаптын жалпылыгы менен айырмасы, классификациясы, тематикасы, тарыхы, адабияттагы орду сыяктуу маселелер изилденип, жыйынтыктар чыгарылган. Мында Б.Керимжанова, К.Мифтяков, С.Закиров, Ш.Усупбеков ж.б. зор салымдары иликтенип белгиленген; кыргыз тил илиминде макалдардын синтаксистик түзүлүшү, анын тексттик касиетке ээ болушу, сүйлөшүү-баарлашуудагы ролу жана мааниси тууралуу тил илиминин азыркы жетишкендиктеринин деңгээлинде изилденип, монографиялык эмгектер жарык көрүп, кандидаттык, докторлук диссертациялык иштер корголгондугу белгиленип, тилчи-окумуштуулар С.Гапаровдун, А.Өмүралиеванын, А.Т.Дунканаевдин, Т.С.Маразыковдун ж.б. эмгектери иликтенген; макалдарды педагогикалык максатта колдонуу, иликтөө жүргүзүү иштеринин башаты 1911-жылы Уфа шаарында жарык көргөн Э.Арабаев менен Хафиз Сарсекеевдин кыргыз-казак балдары үчүн жазган «Алифва йаки төтө окуу» деген окуу китебинен башталат деген жыйынтыктарды чыгарган.

Кыргыз тили сабагында макалдарды кандай максатта колдонсо болот? деген суроого төмөнкүлөрдү негиз кылып алган: Кыргыз макалын орто мектепте окулуучу кыргыз тили сабагынын мазмуну катары кароого болорун;

Макалдарда элдик тил илиминин (этнолингвистиканын) негизги жоболорунун чагылдырылышын илимий адабияттардын негизинде далилдеп берген.

Макалдар кыргыз тилин окутуунун каражаты боло аларын макалдарга жүргүзүлгөн фонетикалык, лексико–грамматикалык, орфографиялык, пунктуациялык ж.б. талдоолордо мисалдардын негизинде көрсөтө алган. Бул боюнча иштин “Макалдарды кыргыз тили сабагында колдонуунун дидактикалык негиздери”-деп аталган 2-бөлүмүндө талдоолордун үлгүлөрүнүн берилиши менен көрсөтүлгөн. Окуучулар ээ болуучу теориялык жана практикалык компетенциялар лексико-грамматикалык жана фонетика-морфологиялык материалдардын берилишинде макалдарды пайдалануу практикалык мааниге ээ экендиги белгиленген.

Макалдарды белгилүү бир информацияны туюндурган көркөм текст катары сабакта колдонсо болот. Мында макалды талдоо, ал боюнча өз пикирин билдирүү, турмуштагы маанисин чечмелөө, өз алдынча текст түзүү сыяктуу иштер жүргүзүлгөн. Кыргыз тили сабагында макалдарды максаттуу жана натыйжалуу колдонуу үчүн, мугалим, адегенде, макалдын адабият таануу менен тил илиминде изилдениши тууралуу, аларды пайдалануу боюнча педагогикалык, этнопедагогикалык эмгектер, практикалык иш-аракеттер тууралуу да толук тааныш болуу талабын койгон. Мугалим макалдардын илимий-теориялык, педагогикалык жактан иликтенип, иштелишин билүүсү, аларды кыргыз тили сабагында колдонуунун теориялык-методологиялык негиздерин аныктап билүүсү керектигин белгилеген.

Изилдөөнүн экинчи милдетинде кыргыз тили сабагында макалдарды колдонуунун тажрыйбаларын талдоо, аларды азыркы талаптарга ылайык пайдаланууга сунуштоо маселеси иштелип чыккан. Мында алгачкы агартуучу И. Арабаевдин “Алиппе” окуу китептерин түзүүдөгү, профессор К. Тыныстановдун “Кыргыз тили” окуу китептерин иштеп чыгуудагы тажрыйбалары, “Кыргыз тили” окуу китептериндеги макалдардын берилиши жана кыргыз эл мугалими Б. Исаковдун окуу-практикалык иш аракеттери менен методикалык–практикалык эмгектери талдоого алынган. Аларды өркүндөтүп колдонуу боюнча бир катар сунуштар берилген. Биринчи, грамматикалык материалдарды түшүндүрүү үчүн мисал, каражат катары колдонулган.

Экинчи, макалдар тарбиялык, таанып – билүүчүлүк, үйрөтүүчүлүк функцияларды аткарып, окуучулардын ой – жүгүртүүсүн, сүйлөөсүн өркүндөтүүгө багытталган.

Үчүнчү, кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, адеп – ахлагын, дүйнө таанымын, каада – салтын ж.б. өздөштүрүүнүн каражаты катары берилген.

Макалдардын филологиялык жана педагогикалык табиятын толук иликтеп, өздөштүрүү менен аларды кыргыз тили сабагында колдонуунун дидактикалык негиздери катары төмөнкүлөрдү көрсөткөн: Эне тилин үйрөнүүдө макалдарды орундуу колдоно билүү окуучунун өзүн-өзү, өз улутун, өз маданиятын, адабиятын, тарыхын терең аңдап билүүнү камсыз кылат, өз улутун, эне тилин кастарлап сүйүүгө, сыймыктанууга үйрөнөт; Макалдарды колдонуу менен кыргыз тил илиминин бөлүмдөрүн (фонетика, лексика, морфология, синтаксис) натыйжалуу окутуп-үйрөтүүгө мыкты шарттар түзүлөт, тил илиминин бөлүмдөрү илимий-теориялык алкактан чыгып, практикалык максатка жетүүгө өбөлгө болот; Эне тилди окутуунун коммуникативдик жана маданият таануучулук компетенцияларын өркүндөтүүгө өбөлгө түзүлөт; Сабакта таалим-тарбиялык мааниси так жана курч коюлган макалдарды максаттуу колдонсо, тарбиялык иштерди жүргүзүү алда канча жеңил, таасирдүү жана жугумдуу болот. Жогоркудай жыйынтыктарга келүү үчүн иликтөөчү Байгазиев С.О., Давлетов С.А., Исаков Б., Иптаров С., Карасаев Х.К., Койчуманов Ж.Ы., Мамытов Ж., Суералиева Д.С., Рахимова М.Р., Усубалиев Б., Синельников В.В., Сулейменова Ж.Н. жана башкалардын эмгектерин анализдеген.

Күлнар Шеримбековна кыргыз макалдарын кыргыз тили сабагында колдонуунун дидактикалык негиздерин иштеп чыгып, аны экспериментте ийгиликтүү колдонгондугун белгилөөгө болот.

Изилдөөнүн үчүнчү милдети макалдарды кыргыз тили сабагында колдонуунун технологиялары иштин 3-бөлүмүндө аткарылган. Кыргыз тилинин бөлүмдөрүн окутууда, окуучулардын орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулуктарын арттырууда, коммуникативдик компетенттүүлүктөрдү өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиялары конкреттүү талдоолор жана сабактын үлгүлөрү аркылуу берилген. Айрыкча, антонимдердин табиятын ачып берүүдө (98-101-беттер), Лексикалык, синтаксистик талдоолордун үлгүлөрү (71-82-беттер) берилип,

теория менен практиканы айкалыштырып изилдөөнүн ык-жолдору көрсөтүлгөн.

Изденүүчү тарабынан макалдарды сабактан тышкаркы иштерде колдонуу тууралуу иштин “Кыз адеби-кымбат” (123-125-беттер) деген темада тегерек стол өткөрүүнүн үлгүсү, реалдуу турмуштук көрүнүштөрдү чагылдырган “Тесттик текшерүүлөрдүн” (109-111-беттер) иштелип чыгышы, макалдар менен “кайым айтышууну” уюштуруу окуучулардын кеп байлыгын арттырууга, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө, тапкычтык, байкагычтык, сезим-туюмун ойготууда инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары белгиленген. Иштин бул бөлүмүндөгү экспериментик иштердин жыйынтыктары кыргыз тилин эне тили катары окутууда макалдарды колдонуудагы карама-каршылыктардын негизинде келип чыккан. Ошондой эле, орто мектептерде өткөрүлгөн педагогикалык тажрыйбалардын жүрүшүнүн жана андан алынган натыйжалардын жыйынтыктары чагылдырылган.

**Диссертациянын жаңылыгы** кыргыз макалдарынын филологиялык, педагогикалык жана этнопедагогикалык өңүттө иликтениши терең талдоого алынып, алар жалпылаштырылып, кыргыз тилин окутууда каражат катары колдонуунун теориялык негиздеринин аныкталышы; макалдарды колдонуунун теориялык негиздеринин аныкталышы; макалдарды колдонуунун дидактикалык маселелеринин ачыкталышы, макалдарды окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн жакшыртуунун каражаты катары колдонуунун технологияларынын иштелип чыгышы менен түшүндүрүлгөн.

Диссертацияда изденүүчү тарабынан темага ылайык педагогикалык, этнопедагогикалык, адабий таануучулук жана филологиялык багыттагы методологиялык эмгектер изилденген жана алардын идеялары сиңирилген. Илимий изилдөөнүн теориялык жоболору эмгекте жалпысынан жеткиликтүү жана ынанымдуу чагылдырылган.

К.Ш.Иманакунованын диссертациялык иши жана анын жыйынтыктары, илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча кыргыз тилин окутууну өркүндөтүүгө салым кошот.

Диссертациянын авторефератында мазмун жалпысынан чагылдырылган. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөн.

Жарыяланган эмгектердин саны –14. Алар теманын негизинде жазылган, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Эмгек боюнча айрым бир кемчилдиктерди жана сунуштарды айта кетүү зарыл деп эсептейбиз. Алар:

1. Диссертацияда интерактивдүү методдор менен окутуу мисалдарында сабактын үлгүлөрү жетишерлик деңгээлде берилбей калган. Изденүүчү интерактивдүү окутуу ыкмасын пайдаланып, сабактын үлгүлөрүн көбүрөөк сунуштаса, эмгектин сапаты жогоруламак.
2. Окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясын кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) конкреттештирип берсе мазмун мындан да артмак.
3. Диссертацияда жана авторефератта бир нече орфографиялык каталар кездешет.

Бул кемчилдиктерди ишти редакциялоо учурунда ондоого мүмкүн боло турган кемчиликтер.

**Жыйынтыктап айтканда,** Иманакунова Күлнар Шеримбековнанын «Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферaты Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10 пунктуна ылайык иштелип чыккан. Изилдөөнүн автору К.Ш. Иманакунова аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**

**Джороев Ташболот Абдыхайымович педагогика илимдеринин кандидаты, доцент**

*Т.А.Джороевдин колун тастыктайм* *М.Байсубанов*

*ОшМУнун Окумуштуу катчысы*

Дата поступления отзыва в ДС 13 ноябр 17г

Кожур ... Осмонбаева Д.К.